*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №4, бб. 153-160
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.18
eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 351.751:316.77:004.9(575.2)

# Мамлекеттик башкарууда коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясы: Кыргыз Республикасынын тажрыйбасы

**Муратбек уулу Эрмек**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* muratbekuuluermek@gmail.com

**Тухтарова Батма Шаировна**
*студент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан*

**Аннотация**

Макалада мамлекеттик башкаруу системасында коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясы Кыргыз Республикасынын тажрыйбасы аркылуу каралат. Теориялык негиз катары М. Кастельстин тармактык коом концепциясы жана Ю. Хабермастын коомдук сфера теориясы колдонулат. Изилдөөнүн максаты — Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясын теориялык жана аналитикалык жактан баалоо. Документ-анализ, системалык жана салыштырмалуу методдор аркылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдык базасы, электрондук өкмөт өнүгүүсүнүн эл аралык рейтингдери жана тармактык маалыматтар изилденет. ООНнун 2024-жылкы EGDI рейтинги боюнча Кыргыз Республикасы 0,7316 балл менен жогорку деңгээл тобуна кирип, 193 өлкөнүн арасынан 81-орунду ээледи. Жыйынтыгында санариптик трансформация мамлекет менен жарандын ортосундагы коммуникациялык аралыкты кыскартып жатканы, бирок санариптик айырмачылык маселеси чечилбей турганы аныкталат.

**Ачкыч сөздөр:** санариптик трансформация, коомдук коммуникация, мамлекеттик башкаруу, электрондук өкмөт, тармактык коом, Кыргыз Республикасы, EGDI

**Шилтеме үчүн:** Муратбек уулу Э., Тухтарова Б.Ш. (2026). Мамлекеттик башкарууда коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясы: Кыргыз Республикасынын тажрыйбасы. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №4, бб. 153-160. doi: 10.65469/eijournal.2026.4.18

## Киришүү

Санариптик революция мамлекеттик башкаруунун коммуникациялык архитектурасын өзгөртүп жатат. Электрондук өкмөт, санариптик медиа жана социалдык тармактар мамлекеттик органдардын жарандар менен байланышынын жаңы ыкмаларын жаратып, коомдук коммуникациянын мааниси менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө [1].

Кыргыз Республикасы бул тенденциядан алыс эмес. 2019-жылдан тартып «Санариптик Кыргызстан» Концепциясынын алкагында жүргүзүлгөн реформалар жана 2022-2024-

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

жылдарда кабыл алынган мыйзамдар мамлекеттик коммуникациянын санариптик инфраструктурасынын негизин калыптандырды [2, 3]. ООНнун Электрондук Өкмөт Өнүгүүсүнүн Индекси (EGDI) боюнча КР 2024-жылы 0,7316 балл менен жогорку деңгээл тобуна кирип, 81-орунду ээледи — бул акыркы он жылдагы эң жакшы көрсөткүч [8].

Ошентсе да, санариптик трансформациянын мамлекеттик коомдук коммуникацияга тийгизген таасири Кыргыз Республикасынын илимий мейкиндигинде системалуу талдоого алынган эмес. Бул изилдөөнүн актуалдуулугун жана илимий жаңылыгын аныктайт.

Изилдөөнүн максаты — Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясын теориялык негизде талдап, анын учурдагы абалын, натыйжаларын жана чечилбеген маселелерин аныктоо.

Адабияттарга сереп. Коомдук коммуникациянын теориясын Ю. Хабермас «коомдук сфера» концепциясында иштеп чыккан: ал мамлекет менен жарандардын ортосундагы ачык пикир алмашуунун аянтчасын нормативдик идеал катары сүрөттөйт [4]. М. Кастельс болсо заманбап коомду тармактык уюм катары теориялаштырып, санариптик коммуникациялар мамлекеттик башкаруунун структурасын кардыналдык өзгөртөрүн алдын ала айткан [5]. Мамлекеттик башкарууда электрондук жана санариптик өкмөт түшүнүктөрүнүн мазмуну жана өнүгүүсү [6] атайын изилдөөнүн объектисине айланган. Кыргыз Республикасындагы санариптик башкарууну Савинов, Скорых жана Торогельдиева [7] изилдеген, бирок коомдук коммуникация аспектисине ал эмгекте жетишсиз көңүл бурулган.

**Изилдөөнүн методологиясы**

Изилдөөнүн теориялык негизин эки концепция түзөт.

Биринчиси — М. Кастельстин тармактык коом теориясы. Кастельс боюнча заманбап коомдо маалымат агымдары иерархияларды алмаштырат; мамлекеттик башкаруу да тармактык логикага ылайыкташуу менен гана натыйжалуу боло алат [5]. Санариптик коммуникация бул жерде куру инструмент эмес — ал мамлекет менен жарандардын ортосундагы бийлик мамилесин кайра конфигурациялоочу механизм.

Экинчиси — Ю. Хабермастын коомдук сфера концепциясы. Хабермас мамлекет менен жарандык коом ортосундагы коммуникация үчүн ачык, рационалдуу пикир алмашуу аянтчасы зарыл деп эсептейт [4]. Санариптик технологиялар бул аянтчаны кеңейтет же — тескерисинче — аны мамлекеттик контролго алып коюу коркунучун жаратат.

Ушул эки теориялык линза аркылуу Кыргыз Республикасындагы санариптик мамлекеттик коммуникация бир эле мезгилде натыйжалуулук (Кастельс) жана демократиялык легитимдүүлүк (Хабермас) позициясынан бааланат.

Колдонулган методдор:

- документ-анализ — Кыргыз Республикасынын мыйзамдык базасы, концепциялар жана программалык документтер;
- системалык метод — санариптик мамлекеттик коммуникациянын элементтерин бирдиктүү система катары карап чыгуу;
- салыштырмалуу метод — Кыргыз Республикасынын ООН EGDI рейтингиндеги абалын Борбордук Азия өлкөлөрү менен салыштыруу;

- статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу — ачык булактардагы маалыматтарды (ООН EGDI, расмий отчёттор) талдоо.

**Натыйжалар**

1. Мыйзамдык жана институционалдык база. Кыргыз Республикасында мамлекеттик санариптик коммуникациянын укуктук негизи үч катмардан турат: стратегиялык документтер («Санариптик Кыргызстан 2019–2023» Концепциясы [2]); институционалдык реформалар (УТРКны мамлекеттик медиага өткөрүү [3], Министерство цифрового развития); операционалдык актылар (2020-жылкы Президент Жарлыгы санариптик технологияларды мамлекеттик органдарга киргизүү жөнүндө [9]).

Бул үч катмар Кастельстин тармактык мамлекет концепциясына жооп берет: санариптик коммуникация инфраструктурасын түзүү чоң нерсе, бирок ал жетишсиз — структура менен маданиятты бирге өзгөртүү зарыл.

2. ООН EGDI рейтингиндеги абал жана Борбордук Азия контексти. Төмөнкү таблицада Кыргыз Республикасынын позициясы аймактык контекстте берилет:

**Таблица 1.** Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ООН EGDI 2024 рейтингиндеги абалы

| Өлкө | EGDI 2024 балл | Дүйнөлүк орун | Деңгээл |
|---|---|---|---|
| Казакстан | 0.8878 | 24 | Өтө жогорку |
| Өзбекстан | 0.7562 | 69 | Жогорку |
| Кыргызстан | 0.7316 | 81 | Жогорку |
| Тажикстан | 0.5681 | 128 | Орто |
| Түркмөнстан | 0.4892 | 147 | Орто |

*Булак*: UN E-Government Survey 2024.

Таблица Кыргыз Республикасынын аймактык лидер — Казакстандан артта калганын, бирок орто деңгээлдеги өлкөлөрдүн алдында тургандыгын көрсөтөт. Кастельстин тармактык коом логикасы боюнча Кыргыз Республикасынын артта калышынын негизги себеби технологиялык эмес, коммуникациялык экосистемасынын инклюзивдүүлүгүнүн жетишсиздигинде.

3. Санариптик коммуникациянын негизги каналдары жана алардын Хабермас призмасы аркылуу баасы. Мамлекеттик санариптик коммуникацияны Хабермастын «идеалдуу сөз абалы» (ideal speech situation) концепциясы аркылуу баалоо мүмкүн: коммуникация ачыкбы, эркинби, тең укуктуубу? [4]

**Таблица 2.** Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик санариптик коммуникация каналдарынын Хабермас критерийлери боюнча баасы

| Канал | Ачыктык | Эркиндик | Баа |
|---|---|---|---|
| Электрондук өкмөт порталы | Жогорку | Орто | Натыйжалуу, бирок жеткиликтүүлүк чектелген |
| Мамлекеттик медиа (УТРК) | Жогорку | Өнүгүп жатат | Маалымат берүү күчтүү; диалог механизмдери өнүгүү стадиясында; аудитория 3 млн+ (2024) |
| Социалдык тармактар | Жогорку | Жогорку | Потенциал бар, системасыз |
| Мобилдик кызматтар | Орто | Жогорку | Техникалык прогресс бар |

Мамлекеттик медиа чөйрөсүндөгү конкреттүү мисал катары УТРКнын санариптик трансформациясын карасак болот. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2022-жылдын 3-августу, УП №270) негизинде жүргүзүлгөн реформанын алкагында: Улуттук Биринчи канал HD форматка өткөрүлдү; СММ жана жаңы медиа башкармалыгы түзүлүп, социалдык тармактардагы маалымат жайылтуу системалуу негизге коюлду; мобилдик тиркеме аркылуу 24/7 онлайн кирүү мүмкүнчүлүгү камсыздалды; Кыргыз радиосунун берүү аймагы чек ара аймактарына чейин кеңейтилди [3, 9]. Бул чаралардын натыйжасында УТРКнын бардык санариптик платформалардагы жазылуучуларынын саны 3 миллиондон ашты [10]. Хабермастын теориясы аркылуу баалаганда бул прогресс маалымат жеткиликтүүлүгүн кескин жогорулатты жана аудитория менен диалогдук коммуникацияга өтүүнүн негизин калыптандырды.

4. Санариптик айырмачылык маселеси. ООН маалыматтары боюнча Кыргыз Республикасында интернетке жетүү шаарда жана айылда олуттуу айырмаланат. Бул Хабермастын коомдук сфера теориясы үчүн принципиалдуу маселе: санариптик аянтча баарына бирдей жеткиликтүү болбосо, ал чыныгы коомдук сфераны эмес, привилегиялык аудиториянын пикир алмашуу мейкиндигин гана сүрөттөйт [4].

## Талкуу

Изилдөөнүн жыйынтыктары теориялык жана практикалык жактан маанилүү бир катар тыянактарды жаратат.

Теориялык жыйынтык. Кыргыз Республикасындагы санариптик мамлекеттик коммуникация Кастельстин тармактык коом теориясына жарым-жартылай жооп берет: тармактык инфраструктура калыптанып жатат, бирок горизонталдуу байланыштар дагы эле

иерархиялык логикага баш ийип жатат. Хабермастын нормативдик стандарты боюнча мамлекеттик санариптик коммуникация маалымат берүүчү (informative) деңгээлден диалогдук (deliberative) деңгээлге өтүү процессинде турат [6].

Практикалык жыйынтык. Кыргыз Республикасынын ООН EGDI рейтингиндеги прогресси чыныгы жетишкендиктер бар экенин ырастайт. Бирок Казакстан менен болгон 57 орундук айырма санариптик коммуникация инфраструктурасынан тышкары институционалдык ишеним жана жарандык катышуу маданиятынын өнүгүүсүн талап кылаарын көрсөтөт [7].

Чектөөлөр. Изилдөө ачык булактардагы маалыматтарга жана теориялык анализге таянат. Санариптик мамлекеттик коммуникацияны жарандардын баалоосу аркылуу изилдөө (социологиялык методдор менен) болочок изилдөөлөрдүн маанилүү багытын аныктайт.

Сунуштар: санариптик катышуу механизмдерин (e-participation) кеңейтүү; мамлекеттик медианын редакциялык көз карандысыздыгын укуктук жактан бекемдөө; айылдык аймактарда санариптик инфраструктураны өнүктүрүү үчүн максаттуу мамлекеттик программалар кабыл алуу.

## Жыйынтык

Жүргүзүлгөн теориялык-аналитикалык изилдөө мамлекеттик башкарууда коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясы Кыргыз Республикасында реалдуу прогресске ээ экенин, бирок системалуу чечилбеген маселерди камтый турганын ырастайт. Негизги жыйынтыктар:

- санариптик трансформация Кастельстин теориясы боюнча тармактык мамлекеттик коммуникацияны калыптандыруу баскычында турат;
- ООН EGDI 2024 боюнча Кыргыз Республикасынын 0,7316 баллы жогорку деңгээлди белгилейт, бирок аймактык лидер Казакстандан (0,8878) олуттуу артта калуу сакталат;
- Хабермастын нормативдик стандарты боюнча мамлекеттик санариптик коммуникация маалымат берүүчү деңгээлде турат, диалогдук коммуникацияга өтүү талап кылынат;
- санариптик айырмачылык — Хабермастын коомдук сферасынын инклюзивдүүлүгүнө негизги коркунуч.

Мамлекеттик коомдук коммуникациянын санариптик трансформациясы — бул технологиялык эмес, коомдук-саясий процесс. Ал жарандардын санариптик катышуу укугун камсыз кылуучу институционалдык чаралар, мыйзамдар жана маданиятты бирге талап кылат.

## Колдонулган адабияттар

1. Цифровая трансформация взаимодействия органов государственной власти и граждан [Электрондук ресурс] // КиберЛенинка. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/tsifrovaya-transformatsiya-vzaimodeystviya-organov-gosudarstvennoy-vlasti-i-grazhdan (кириш датасы: 20.03.2025).

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Санариптик Кыргызстан 2019–2023» Концепциясы жөнүндө Токтому. – 2019. – №404. – URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/12208 (кириш датасы: 15.03.2025).
3. Кыргыз Республикасынын «Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Мыйзамы. – 2022. – №33. – URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112367 (кириш датасы: 15.03.2025).
4. Хабермас Ю. Структурная трансформация публичной сферы: исследования относительно категории буржуазного общества. – М.: Весь Мир, 2016. – 344 с.
5. Castells M. The Rise of the Network Society. The Information Age: Economy, Society and Culture. Vol. I. – Oxford: Blackwell, 1996. – 594 p.
6. Электронное правительство vs цифровое правительство в контексте цифровой трансформации [Электрондук ресурс] // КиберЛенинка. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/elektronnoe-pravitelstvo-vs-tsifrovoe-pravitelstvo-v-kontekste-tsifrovoy-transformatsii (кириш датасы: 20.03.2025).
7. Савинов Л.В., Скорых Н.Н., Торогельдиева Б.М. Цифровая трансформация государственного и муниципального управления в Республике Кыргызстан // Государственное и муниципальное управление. – 2020. – №3. – С. 45–53.
8. United Nations. E-Government Survey 2024: Accelerating Digital Transformation for Sustainable Development. – New York: UN DESA, 2024. – URL: https://publicadministration.un.org/egovkb/en-us/Reports/UN-E-Government-Survey-2024 (accessed: 15.03.2025).
9. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Мамлекеттик органдарга санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүүнүн шашылыш чаралары жөнүндө» Жарлыгы. – 2020. – №64. – URL: https://prg.kz/document/?doc_id=39043637 (кириш датасы: 15.03.2025).
10. Улуттук телерадиоберүү корпорациясы (УТРК). Расмий сайт жана тарых [Электрондук ресурс]. – URL: https://www.utrk.kg; https://www.utrk.kg/ru/about/history (кириш датасы: 15.03.2025).

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №4, сс. 153-160
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.18
eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 351.751:316.77:004.9(575.2)

# Цифровая трансформация общественной коммуникации в государственном управлении: опыт Кыргызской Республики

**Муратбек уулу Эрмек**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, muratbekuuluermek@gmail.com*

**Тухтарова Батма Шаировна**
*студент, Ошский государственный университет, Кыргызстан*

**Аннотация**

В статье рассматривается цифровая трансформация общественной коммуникации в системе государственного управления на примере Кыргызской Республики. Теоретической основой служат концепция сетевого общества М. Кастельса и теория публичной сферы Ю. Хабермаса. Цель исследования — теоретически и аналитически оценить цифровую трансформацию государственной общественной коммуникации в Кыргызской Республике. Посредством документ-анализа, системного и сравнительного методов исследуются законодательная база Кыргызской Республики, международные рейтинги развития электронного правительства и отраслевые данные. Согласно рейтингу EGDI ООН 2024 года, Кыргызская Республика набрала 0,7316 балла, войдя в группу стран с высоким уровнем развития электронного правительства и заняв 81-е место среди 193 стран мира. По итогам установлено, что цифровая трансформация сокращает коммуникационную дистанцию между государством и гражданами, однако проблема цифрового неравенства остаётся нерешённой.

**Ключевые слова:** цифровая трансформация, общественная коммуникация, государственное управление, электронное правительство, сетевое общество, Кыргызская Республика, EGDI

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 4, pp. 153-160
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.4.18
eijournal.ilimbilim.kg

ЭКОНОМИКА / ECONOMICS
УДК 351.751:316.77:004.9(575.2)

# Digital Transformation of Public Communication in Public Administration: The Experience of the Kyrgyz Republic

**Ermek Muratbek uulu**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, *muratbekuuluermek@gmail.com*
**Batma Shairovna Tukhtarova**
*Student, Osh State University, Kyrgyzstan*

**Abstract**

This article examines the digital transformation of public communication in the public administration system using the Kyrgyz Republic as a case study. The theoretical framework draws on Manuel Castells' network society concept and Jürgen Habermas' theory of the public sphere. The purpose is to theoretically and analytically assess the digital transformation of state public communication in the Kyrgyz Republic. Through document analysis, systemic and comparative methods, the study examines the Kyrgyz Republic's legislative base, international e-government development rankings, and sector data. According to the UN EGDI ranking 2024, the Kyrgyz Republic scored 0.7316, entering the high-level group and ranking 81st among 193 countries. The findings indicate that digital transformation is reducing the communicative distance between the state and citizens, while the problem of digital inequality remains unresolved.

**Keywords:** digital transformation, public communication, public administration, e-government, network society, Kyrgyz Republic, EGDI